**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

# Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар Болот Овматович Раяпов жана Муратбек Аланович Асановдун өтүнүчтөрү боюнча

5-март 2014-жыл Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья М.Ш. Касымалиев, судьялар – Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Дж.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О.Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, К.С. Сооронкулованын курамында,

сот жыйналышынын катчысы М.Э. Толобалдиевдин, кайрылуучу тараптар – Болот Овматович Раяпов, Мурат Аланович Асанов жана ишеним каттын негизинде аракеттенген М.А. Асановдун өкүлү Марат Асанбекович Асыранкулов,

жоопкер-тарап: ишеним каттын негизинде аракеттенген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү Мирбек Исамаматович Арзиевдин катышуулары менен, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүн, 24-беренесин жетекчиликке алып, ачык соттук жыйналышта Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын

судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун аныктоо боюнча суроо-талаптарынын негизинде козголгон, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясынын 2014-жылдын 21-февралында кабыл алган аныктамасы менен бир конституциялык өндүрүшкө бириктирилген конституциялык өндүрүштөгү иш каралды.

Ушул ишти кароонун себеби болуп Болот Овматович Раяпов жана Муратбек Аланович Асановдун өтүнүчтөрү эсептелинет.

Өтүнүчтөрдү кароонун негизи «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу эсептелет.

Судья-баяндамачы Ч.О. Осмонованын баяндамасын жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары - Конституциялык палата) 2013-жылдын 20-августунда жаран Б.О. Раяповдун «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 2- бөлүгүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык эмес деп табуу жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Өтүнүчтү негиздөө ирээтинде төмөнкү жүйөөлөр келтирилген.

2009-жылдын 12-ноябрында, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши (мындан ары - Судьялар кеңеши) «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 29-беренесинин 1-бөлүгүнө, 28-беренесинин 2-бөлүгүнө, 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык жеке

жактардын даттануусунун негизинде козголгон тартип өндүрүштү кароонун натыйжасы боюнча, Судьялар кеңеши Талас областтык сотунун төрагасынын орун басары Б.О. Раяповго ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү тартиптик жаза чарасын колдонуу чечим кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын Президенти Судьялар кеңешинин сунушу боюнча, 2010-жылдын 10-февралындагы № 41 Б.О. Раяповду ээлеген жергиликтүү сотунун судьясы деген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү Жарлыгына кол койгон.

2012-жылдын 6-июлунда, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 15-беренесинин 9-бөлүгүнүн 2-пунктундагы белгинилген кынтыксыз эмес жүрүм-турумуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын судьялык кызмат ордунан мурда бошотулган адамдар Жогорку сотко судья боло алышпайт деген ченемине ылайык, Судьяларды тандоо боюнча кеңеш Б.О. Раяповду Жогорку соттун судья кызматына конкурстук тандоого катышууга киргизилбестиги жөнүндө чечим чыгарган.

Арыз берүүчүнүн пикири боюнча, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын талаш болуп жаткан ченеми Конституцияда каралган соттук коргонуу укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарып, ушуну менен соттук коргонуу укугуна эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес деген конституциялык жобосун бузат (20-берененин 5-бөлүгүнүн 8-пункту).

Кайрылуучу тарап «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын талашылып жаткан ченеми ошондой эле адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык (Конституциянын 16-берененин 1-бөлүгү), Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат (Конституциянын 16-бересинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацы), Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей (Конституциянын 16-берененин 3-бөлүгү) деген ченемдерине ылайык келбейт жана адамдын, жарандын укуктарын,

эркиндиктерин чектеген мыйзамдык актыларды кабыл алуу конституциялык тыюуга карама-каршы келет деп эсептейт.

Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 9-сентябрындагы аныктамасы менен арыз берүүчүнүн өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

2014-жылдын 13-январында Конституциялык палатанын өндүрүшүнө жаран М.А. Асановдун кайрылуусу келип түшкөн. Кайрылууда М.А. Асанов, ал Кыргыз Республикасынын Аскер сотунун судьясынын ыйгарым укуктарын аткарып жаткан, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотунун судья кызматынан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 6-ноябрындагы №214 Жарлыгы менен мөөнөтүнөн мурда бошотулгандыгын билдирет. Мындай Жарлыкты кабыл алууга, М.А. Асановдун Бишкек шаарынын Свердлов районунун соту менен эки жолу соттолгондугу тууралуу бурмаланган өкүмдөрдүн көчүрмөлөрүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2013-жылдын 31-октябрында кабыл алган чечими себеп болгон. М.А. Асанов кайрылуусунда, Кыргыз Республикасынын судья кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечимге даттанууга тыюу салган Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгү Конституцияга ылайык келбейт деген пикирин көрсөткөн. Себеби, Конституциянын 20-беренесинин 1-бөлүгү менен Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек, ал эми 40-беренесинин 2-бөлүгү менен ар ким өз укугун жана эркиндигин мыйзам менен тыюу салынбаган бардык ыкмалар менен коргоого укуктуу деп белгиленген. Ошондой эле Конституциянын 6-беренесинин 1-жана 2-бөлүктөрү менен Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана түздөн-түз колдонулары, Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынары аныкталган, ошондуктан «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгүн Конституциянын 6-

беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 20-беренесининин 1-бөлүгүнө, 40-беренесинин 2-бөлүгүнө карама каршы келет деп табууну сурайт.

Көрсөтүлгөн суроо-талаптардын бир түрдүүлүгүн эске алып, Конституциялык палатанын судьясы Ч.О. Осмонованын 2014-жылынын 21-февралында, “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык мыйзамынын 30-беренесине ылайык чыгарган аныктамасы менен жогоруда көрсөтүлгөн суроо-талаптар боюнча козголгон өндүрүштөрү бир конституциялык өндүрүшкө бириктирилген.

Арыз берүүчүүлөр Б.О. Раяпов, М.А.Асанов жана анын өкүлү М.А. Асыранкулов сот жыйналышында өздөрүнүн кайрылууларын колдошуп, аларды канааттандырууну өтүнүшөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү М.И. Арзиев «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгү Конституцияга карама-каршы келет дегенге толугу менен макул эместигин билдирди.

Конституциялык палата тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, иштин материалдарын изилдеп, төмөнкү тыянактарга келди:

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 19-бересинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык палата кайрылууда ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Ошентип, ушул иш боюнча Конституциялык палатанын кароосунун предмети болуп, төмөнкү мазмундагы «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгү каралат: «Кыргыз Республикасынын судьясын ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулсун деген чечим даттанылууга жатпайт.».

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамы мыйзамдарда бекитилген тартипке

ылайык кабыл алынган, 2008-жылдын 15-июлундагы № 51 «Эркин Тоо» газетасында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы мыйзам болуп эсептелет.

2. Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат (6-берененин 1-бөлүгү).

Конституция, укуктук мамлекет принцибин ишке ашыруу менен, ар кимге анын Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктары менен эркиндигин соттук коргоо укугун кепилдейт (40-берененин 1-бөлүгү). Ушул Конституцияда белгиленген соттук коргонуу укугу эч чектелүүгө тийиш эмес (20-берененин 5-бөлүгүнүн 8-пункту).

Конституцияда көрсөтүлгөн соттук коргонуу укугу, ар бир адам конституциядагы же мыйзамдагы анын негизги укуктары бузулган учурда, компетенттүү улуттук соттор аркылуу укуктарын толук калыбына келтирүүгө акылуу экендигин белгилейт. Бул конституциялык жоболор Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 8-беренеси менен өз ара катышта турат. Адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого багытталган Адам укуктарынын жалпы декларациясынын ченемдери андан ары Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактта (мындан ары - Пакт). Кыргыз Республикасы бул Пактка Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы N 1406-XII токтому менен кошулган жана Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндө Конвенциясында (мындан ары - Конвенция) орун алышкан. Кыргыз Республикасы Конвенцияны Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 1-августундагы №182 мыйзамы менен ратификациялаган. Аталган Пакттын 2-беренесинин 3-пунктунун «а» пунктчасында, Пактта таанылган укуктары бузулган учурда, мамлекет ар бир адамды, укукту жана эркиндиктерди коргоонун эффективдүү куралдары менен камсыздоого милдеттүү деп

бекитилген, ал эми Конвенциянын 6-беренесинин 1-бөлүгүндө сот алдында баардыгы бирдей, жана кайсы гана болбосун ишти кароодо ар бир адам акылга сыяр мөөнөттүн ичинде көз карандысыз жана калыс сот аркылуу адилет жана коомдук териштирүүгө укуктуу деп белгиленген.

Ошондой эле, Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары БУУ) Башкы Ассамблеясы 1985-жылдын 29-ноябрындагы 40/32 резолюциясы менен кылмыштуулукту алдын алуу жана укук бузуулар менен кайрылуу боюнча БУУнун жетинчи Конгресси тарабынан кабыл алынган «Сот органдарынын көз карандысыздыгына тиешелүү негизги принциптер» жактырылган.

Ошентип, Кыргыз Республикасы ар бир адамдын соттук коргонууга болгон укугун бекиткендигин Конституцияда гана эмес, Пактка жана Конвенцияга кошулуу, кол коюу жана ратификациялоо аркылуу тастыктады, ошондой эле БУУнун мүчөсү болуп, Сот органдарынын көз карандысыздыгына тиешелүү негизги принциптерди сактоо милдетин өзүнө алган.

Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, адамдын укуктары боюнча эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык гана бөлүгү болбостон, мындай келишимдер түздөн-түз колдонулат жана башка эл аралык келишимдердин ченемдерине караганда артыкчылыкка ээ.

3. Конституция (95-беренесинин 1-бөлүгү) Кыргыз Республикасынын баардык сотторунун судьялары жүрүм-туруму кынтыксыз болуп турганга чейин өзүлөрүнүн кызматтарын ээлешет жана ыйгарым укуктарын сакташат деп аныктайт. Судья жүрүм-турумунун кынтыксыздыгынын талаптарын бузган учурда, конституциялык мыйзам менен аныкталган тартипте жоопкерчиликке тартылыт.

Судьянын статусу эң биринчиден, судьянын өзүнүн бардык ыйгарым укуктарын мыйзамдуу, так жана туура аткаруусу менен аныкталат жана судьяны бул аракеттерге аны кызмат орунуна шайлаган учурда, салтанаттуу түрдө берген анты дагы милдеттендирет.

Ант берүү судьяга өзгөчө конституциялык-укуктук статусту ыйгарат. Мындай статус, судьянын мыйзам менен бекитилген талаптарды кармоосуна жана ага жүктөлгөн чектөөлөрдү сактоосуна даяр экендигин билдирет, башкача айтканда, судья кесиптик билиминин жана ички ишениминин негизинде гана көз карандысыз жана калыстык менен сот адилеттигин жүргүзүүгө милдеттенет.

Судьяны тартип жоопкерчилигине тартуу, судьянын атайын (конституциялык-укуктук) статусу менен шартталган өзгөчөлүккө ээ. Бирок ал өз учурунда, көзөмөлсүздүк жана жоопкерчиликсизди түшүндүрбөгөн судьянын көз карандысыздыгы менен коом алдындагы милдеттеринин ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылып турат.

«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына ылайык, судьяны тартиптик жорук жасагандыгы үчүн тартип жоопкерчилигине тартуу, судьяга карата эскертүү, сөгүш жарыялоо же ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу түрүндөгү тартиптик жаза чараларын колдонууну алып келет (28-берененин 2-бөлүгү). Ошону менен, тартиптик жорук жасагандыгы үчүн кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу, судьялар тараптан кынтыксыз жүрүм-туруму жөнүндө талаптарды орой бузгандыгы үчүн тартиптик таасир этүүнүн катуу чарасы катары колдонулат (28-берененин 5-бөлүгү).

4. «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзам соттун ишине кийлигишүүгө тыюу салуу менен судьянын алмашылбастыгы жана кол тийбестиги аркылуу судьялардын көз карандысыздыгынын кепилдиктерин орнотот жана камсыз кылат (11-берененин 1-бөлүгү). Бирок, бул кепилдиктер абсолюттук мүнөзгө ээ эмес жана судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу мүмкүнчүлүгүн четке какпайт, себеби анын ичинде Судьялар кеңешинин чечими менен ырасталган жүрүм-турумунун кынтыксыздыгы жана судьянын бийик наамына коошпогон тартиптик жорук жасаганда судья ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулат деген талап камтылган (26-берененин 2-бөлүгүнүн 8-пункту).

Судьяга ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу түрүндөгү тартиптик жаза чараларын колдонуу, бир жагынан судьянын көз карандысыздыгы, кол тийбестиги жана экинчи жагынан соттук бийликтин коомдун алдындагы жоопкерчилиги ортосундагы тең салмактуулукту эске алуу менен өлчөмдөштүк принцибинин негизинде ишке ашырылууга тийиш. Бул принциптен четке чыгуу сот адилеттигин ишке ашырууда соттор тарабынан өз алдынча жана тең салмактуу чечим кабыл алууга тоскоол кылышы мүмкүн.

Судьянын жүрүм-турумун кесипкөй судьялардан турган судьялар коомчулугунун органы баалайт. Бул орган бир тараптан сот бийлигинин беделин бекемдеп, Судьянын абийир кодекси менен коюлган талаптарды судьялар тараптан аткарылышын камсыздаса, экинчи тараптан судьялардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргойт.

Ошого байланыштуу, судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Соттор кеңешинин чечим чыгаруудагы объективдүүлүгүн жана калыстыгын баалоо үчүн көз карандысыз текшерүүнүн предмети болушу керек. Демек, Судьялар кеңешинин ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечимин негизсиз деп эсептеген судья, өзүнүн соттук коргонуу укугун ишке ашыруу менен бул чечимди соттук тартипте талашуу мүмкүнчүлүгү болушу керек. Мындай укук «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 5-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн мазмунунан дагы келип чыгат.

Ошондуктан, мыйзам чыгаруучуга Жогорку соттун, ошондой эле жергиликтүү соттордун судьяларына Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин судьяны кызмат ордунан алуу жөнүндө чечимине мыйзамдуу тартипте даттанууга юридикалык мүмкүнчүлүк караштыруу зарыл. Мындай мүмкүнчүлүк Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши тарабынан чечим чыгарылгандан тартып, анын негизинде Кыргыз Республикасынын Президенттине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жибергенге чейинки аралыкта берилиши тийиш.

5. Конституцияга ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык жана эң жогорку баалулук болуп эсептелет. Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган, бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдейликтин негизинде камсыз кылат (16-берене).

Соттук коргонуу болсо, Конституциялык палатанын мурда билдирилген укуктук позициясы боюнча, баардык башка конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди камсыз кылуу жана калыбына келтирүү функциясын аткарган, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин мамлекеттик коргоонун универсалдуу укуктук чарасы болуп эсептелет (2013-жылдын 27-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечим).

Демек, соттук коргонуу укугу ар бир инсандын укугу болуп эсептелет. Ал эми мамлекет болсо, мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей болгондугунун негизинде, Конституция жана эл-аралык келишимдер менен белгиленген бузулуп жаткан укуктарды калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган соттук коргонуу укугун урматтап, аны ар бир адамга ошондой эле судьяларга карата камсыз кылышы зарыл.

Ушуга байланыштуу, судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү Судьялар кеңешинин чечими, судьянын ошондой чечимди соттук тартибинде даттануу укугун чектебеши керек.

6. «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, Жогорку жана жергиликтүү соттордун судьяларын мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечим Президент, Жогорку Кеңеш тарабынан Судьялар кеңешинин чечиминин негизинде кабыл алынат. Мындай учурларда Президент жана Жогорку Кеңеш тарабынан судьяны мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечими акыркы

чечим катары кабыл алынышы, Судьялар кеңешинин чечимине толук ишеним көрсөткөндүгү катары эсептөөгө болот.

Жогорку жана жергиликтүү соттордун судьяларын мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечимди соттук же башка тартипте даттануу мүмкүнчүлүгү «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгү тарабынан таанылбайт.

Жогоруда белгилегендей, Президент, Жогорку Кеңеш Жогорку жана жергиликтүү соттордун судьясын мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечимдер Конституция менен бекитилген тартибине ылайык чыгарылат жана мыйзамдык акт катары судьянын соттук коргонуу укугун чектебейт. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгү Конституциянын 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келбейт.

Жогорудагылардын негизинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 46, 47, 48, 51, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп табылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин.

3. Чечим акыркы, даттанууга жатпайт. Бардык мамлекеттик органдар, юридикалык жактар, кызмат адамдары жана жарандар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

4. Чечим Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык палатанын расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысына» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

Бул чечим боюнча судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Э.Ж. Осконбаев, К.С. Сооронкулованын өзгөчө пикирлери бар.

**«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар Болот Овматович Раяпов жана Муратбек Аланович Асановдун өтүнүчтөрүнүн негизинде козголгон иш боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 5-мартындагы Чечимине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары Ч.А. Айдарбекова жана М.Р. Бобукееванын**

# Ө З Г Ө Ч Ө  П И К И Р И

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чыгарылган чечими менен төмөнкү негиздер боюнча макул эмесбиз.

1. Конституция соттук коргонуу укугун кепилдейт (40-берененин 2-бөлүгү), адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун негизги каражаттарынын бири катары чыгат жана башка баардык конституциялык укуктар жана эркиндиктерге карата камсыз кылуу – калыбына келтирүү функциясын аткарат (20-берененин 5-бөлүгүнүн 8-пункту).

Жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык жоболор, «ар бир адам ага конституция же мыйзам менен берилген укуктары бузулган учурларда компетенттүү улуттук соттор менен укуктарын эффективдүү калыбына келтирүү укугуна ээ» деп көрсөтүлгөн Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 8-беренесинин талаптарына толук ылайык келет.

Соттук коргонуу укугу жана анын курамасы – мыйзамдуу сотко болгон укугу Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакты (14-

беренесинин 1-пункту) менен да каралган, анда, ар бир адамдын өзүнүн укуктарын жана милдеттерин аныктоодо өз ишин мыйзамдуулуктун негизинде түзүлгөн ыйгарым укуктуу, акыйкат жана көз карандысыз сот тарабынан ачык жана акыйкаттуу каратуу укугу бекитилген.

Конституция менен орнотулган соттук коргонуу укугу, ар бир кызыктар тараптын бузулган же талашылган укугун же мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын коргоо максатында сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн божомолдойт. Конституция менен каралган да, каралбаган да баардык укуктар жана эркиндиктер соттук корголууга тийиш. Ошентип, Конституциянын 17-беренесинин маанисинен алганда, Конституция менен орнотулган укуктар жана эркиндиктер толук эмес жана башка, жалпы таанылган адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин четке кагуу же басмырлоо катары түшүндүрүлүшү мүмкүн эмес. Демек, соттук коргонуу укугу универсалдуу мүнөзгө ээ.

Конституциянын жана Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келимшимдердин келтирилген жоболоруна ылайык, соттук коргонуу укугу толугу менен ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган судьяларга да тарайт. Ошондо, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 5-2 беренесине ылайык, ушул эле берененин 1-бөлүгүндө саналган судьялардын негизги укуктарын ишке ашыруу судьянын бийик статусуна карама-каршы келбесе, судья болуп эсептелген жарандын Кыргыз Республикасынын жарандарына Конституция менен берилген башка укуктарын чектебейт. Ошентип, Конституцияга ылайык мыйзам менен чектөөгө мүмкүн болбогон соттук коргонуу укугуна судьялар да ээ, анын ичинде ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулгандар да. Конституциялык палатанын мындай укуктук позициясы анын 2013-жылдын 30-ноябрындагы чечиминде да белгиленген.

2. Конституциялык палата өзүнүн 2013-жылдын 5-мартындагы чечиминде, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, Жогорку

жана жергиликтүү соттордун судьяларын мөөнөтүнөн бошотуу жөнүндөгү чечим Президент, Жогорку Кеңеш тарабынан судьяны мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечими акыркы чечим катары кабыл алынышы, Судьялар кеңешинин чечимине толук ишеним көрсөткөндүгү катары эсептөөгө болот.» деп белгилейт.

Конституциялык палатанын мындай корутундусун, судьяларга карата тартиптик өндүрүш жүргүзгөн жана анын жыйынтыгында өзүнүн чечимин чыгаруучу Судьялар кеңешинин чечимине гана даттануу мүмкүнчүлүгүн бергендигине байланыштуу жетишерсиз негизделген жана толук эмес деп эсептейбиз. Конституциянын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн, 95-беренесинин 2, 5-бөлүгүнүн, 97-беренесинин 5-бөлүгүнүн ченемдерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президенти жергиликтүү соттордун судьяларын Судьялар кеңешинин сунуштамасы боюнча бошотот, ошондой эле Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана Конституциялык палатасынын судьяларын Судьялар кеңешинин сунушуна негизделген Кыргыз Республикасынын Президентинин сунуштамасы боюнча бошотот.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, судьяны мөөнөтүнөн мурда бошотуу бир нече этап менен ишке ашырылат жана алардын ар бири бул процессти улантуу үчүн белгилүү бир мааниси бар укуктук акт менен аяктайт. Ошентип, судьялык өзүн-өзү башкаруу орган катары Судьялар кеңешинин чечими Кыргыз Республикасынын Президентинин актын кабыл алуунун негизи катары кароо үчүн укуктук мааниге ээ жана ушуга жараша Кыргыз Республикасынын Президентинин акты Жогорку Кеңеш менен аны андан ары кароого негиз болот. Толугу менен Кыргыз Республикасынын судьяларын мөөнөтүнөн мурда бошотуу процесси Конституциянын 95-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүнө, 97-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Президенттин (жергиликтүү соттордун судьяларына карата) жана Жогорку Кеңештин (Жогорку соттун жана Конституциялык палатанын судьялары үчүн) акты менен аяктайт. Белгилеп кетчү нерсе, так ушул укуктук актылар, мыйзамдуу күчүнө кирген убакыттан баштап судьялардын ыйгарым

укуктарын токтотуучу юридикалык натыйжага ээ. Бул жыйынтык, судьянын ыйгарым укуктары Президент же Жогорку Кеңеш менен токтотулат деп каралган «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 27-беренесинин 2-бөлүгү менен да тастыкталат.

Ошентип, судьяларды мөөнөтүнөн мурда бошотуу процесси, мыйзамдуу орнотулган процедуралар жана судьялык өзүн-өзү башкаруу орган катары, Судьялар кеңеши - конституциялык органдын, Президент жана Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына ылайык басылып чыккан укуктук актыларды кабыл алуу менен коштолот. Көрсөтүлгөн органдардын ар бири өз алдынча, мыйзам менен орнотулган өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында жана тартибинде судьяларды мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим кабыл алат. Демек, көрсөтүлгөн органдардын ар биринин судьяларды мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечими өз алдынча чечим катары каралышы мүмкүн, ал эми жергиликтүү соттордун судьялары тууралуу Президент жана Жогорку соттун, Конституциялык палатанын судьялары тууралуу Жогорку Кеңеш менен акыркы чечим кабыл алынат.

Бирок, Конституциялык палата өз чечиминде көргөзгөндөй, өз маңызы боюнча негизги болуп саналган Судьялар кеңешинин укуктук актысы гана даттанылууга жатышы мүмкүн, ал эми Президенттин жана Жогорку Кеңештин актысы Судьялар кеңешинин чечимин расмийлөөчү болуп саналат. Конституциялык палатанын мындай корутундусу жетишсиз аргументтелген жана негизделген эмес деп эсептейбиз, анткени өз компетенциясынын алкагында кабыл алынган Президенттин жана Жогорку Кеңештин актылары укуктук натыйжаларга ээ жана ага ылайык, аларды кабыл алуу тартиби бузулган учурда даттанылышы мүмкүн.

3. Каралып жаткан иште судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу түрүндөгү тартиптик жоопкерчиликке тартуу маселеси маанилүү болуп эсептелет. Негизинен, Конституциялык палата өз чечиминде, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 2-бөлүгүндө саналган

негиздердин бирин белгилеген, ал Судьялар кеңешинин чечими менен тастыкталган судьянын кынтыксыз жүрүм-туруму жана жогорку наамы менен коошпогон тартиптик жорук жасаганы менен байланышкан.

Белгилей кетүү керек, талашылып жаткан ченемдин жогоруда аталган мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүндөгү көрсөтүлгөн бардык негиздерге тиешеси бар, ошондуктан Конституциялык палата кабыл алган чечиминде бардык негиздерге баа бериши керек эле же өз көңүлүн негиздердин бирине гана басым кылбай, андай баалодон өзүн токтотушу керек болчу.

Аны менен бирге, судьяларды ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотууну жараткан алардын тартиптик жоопкерчилигин кароодо, Судьялар кеңешине судьянын аракеттеринин оордугунун даражасын өздөрү аныктоого мүмкүндүк берген, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамыдын 6-главасында тартиптик жоопкерчиликтин мазмундуу бөлүгүн жетишээрлик так көргөзбөгөндүгүн белгилей кетүү керек. Жогоруда аталган мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүндө тартиптик жорук жасагандыгы үчүн кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу, судьялардын кынтыксыз жүрүм-туруму жөнүндө талаптарды орой бузгандыгы үчүн тартиптик таасир этүүнүн катуу чарасы катары колдонулат. Бул мааниде, «орой бузуу», «жасалган жоруктун анча маанилүү эместиги» баасы же башка баалоочу категориялар мыйзам чыгаруучу менен так көргөзүлүшү керек, болбосо көргөзүлгөн категорияларды кенен талкуулоо Судьялар кеңеши тарабынан ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланууга алып келет жана судьялардын ишмердүүлүгүнө кийлигишүүнүн инструменти болуп бериши мүмкүн, бул судьялардын көз карандысыздык принцибин бузат.

«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамында 6-беренесинин 2-бөлүгүндө бекитилген судьялардын кынтыксыз жүрүм-турумуна болгон талаптардын бири болуп, судьялардын Кыргыз Республикасынын судьясынын абийир кодексин сактоо милдети саналат (Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 8-июлунда болгон

судьялардын V съездинде кабыл алынган). Кодекс бул укуктук эмес корпоративдик ченемдик акт болуп саналарын белгилей кетүү керек, бирок, белгиленген мыйзамдын ченемдери менен каралган жыйынтыктарды жаратат. Мыйзам чыгаруучунун мындай ыкмасы ченемдик мүнөзгө ээ болгон корпоративдик актылардын жоболорун ченемдик укуктук актыларга трансформациялоону укуктук жөнгө салуунун түзүлгөн тенденциясы менен макулдашылган. Бирок, эгер, корпоративдик акттын ченемдерин бузуу учурда келип чыккан укуктук натыйжаларды эске алсак, анда аларды практикада колдонууда тартиптик жоруктун курамын так аныктоо үчүн соттук жамаатка судьялардын жүрүм- турумунун стандарттарын тагыраак түшүндүрүү керек.

Андан сырткары, судьялардын профессионалдык чөйрөдөгү жана жеке жашоосундагы жүрүм-туруму коомчулукта сотторго болгон ишенимдин ажырагыс бөлүгү катары каралаарын эске алуу менен, соттук бийликке болгон коомдук ишенимге жана урматтоого шарт, соттук тутумдун эффективдүү ишине кепилдик боло турган судьянын абийир Кодексинде судьялардын профессионалдык ишмердүүлүгүндө жана кызмат учурунан тышкары убакыттагы жүрүм-турумуна болгон стандарттар жана талаптар бекитилиши керек. Мындай ыкма адилет сот тармагындагы эл аралык стандарттар жана сунуштар менен макулдашылат, аларды соттук этиканын жаңы кодексинин жоболорунда ишке ашырса болот.

4. Белгиленип кеткендей, соттук коргонуу конституциялык укугу өзүнө бир гана сотко кайрылууну камтыбастан, мамлекет тарабынан чыныгы соттук коргоону алуу мүмкүндүгүн да камтыйт.

Буга байланыштуу, судьянын тартиптик жоругун Судьялар кеңеши тарабынан кароо процессин соттук коргонуу укугунун ишке ашышы катары карабаш керек, анткени бузулган укук бир гана соттук органдарда жана алдын ала мыйзам актылары менен аныкталган процедуралар боюнча гана корголо алынат. Демек, судьянын жогорку статусун, мамлекеттик бийликтин институттарына болгон ишенимдин деңгээлин жогорулатуудагы анын ролун

эске алуу менен, мыйзам чыгаруучуга, мындай жарандардын көз карандысыздыгын жана ишин кароодо акыйкаттуу процедураларды камсыз кыла алган гана, алардын укуктарынын соттук коргоонун ыкмаларын алдына алышы зарыл.

Ушуга байланыштуу, жогоруда айтылгандарды эске алып, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамында 28-беренесинин 6-бөлүгүн Конституцияга карама-каршы келет деп эсептейбиз, анткени мыйзамдын бул жобосу судьянын кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдардын соттук коргонуу укугун чектеп жатат.

**Судьялар** **Ч.А. Айдарбекова**

**М.Р. Бобукеева**

**«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар Болот Овматович Раяпов жана Муратбек Аланович Асановдун өтүнүчтөрүнүн негизинде козголгон иш боюнчаКыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 5-мартындагы Чечимине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары Э.Ж. Осконбаевдин, К.С. Сооронкулованын**

## ӨЗГӨЧӨ ПИКИРИ

1. Конституциянын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пункту ар кимге (жеке адамдардын жана юридикалык жактардын) эч чектелүүгө тийиш эмес субьективдүү укуктуулук катары соттук коргонуу укугун кепилдейт. Жогоруда көрсөтүлгөн сөзсүз аткарууну талап кылган конституциялык жобо укукчыгаруучу органдарды соттук коргонуу укугунун чектебеген же тоскоол түзбөгөн, укуктук жөнгө салууга милдеттендирет. Аны менен бирге, так ушул соттук коргонуу укугун укуктук ченемдик актылар менен чектелгендиги тууралуу өтүнүчтөр, башка кайрылууларга салыштырмалуу, көбүрөөк учурларда Конституциялык палатада каралуучу иштин себептери болгондугун Конституциялык палатанын соттук тажрыйбасы күбөлөндүрүп турат Бул иш боюнча өтүнүч ээлери, Кыргыз Республикасынын судьясын ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечими соттук даттанууга жатпагандыгы тууралуу «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн Конституцияга ылайык келүүсүнүн күмөндүүлүгүнөн кайрылышкан.

Судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу тартиби бир нече эатптардан турат, тийиштүү ыйгарым укука ээ болуучу орган тарабынан чечим кабыл алуу менен аяктайт. Жекече, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьяларын мөөнөтүнөн мурда бошотуу

жөнүндө чечим Судьялар кеңешинин судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечимине негизделген Президенттин сунуштамасы боюнча Жогорку Кеңеш менен кабыл алынат; мындан ары, жергиликтүү соттордун судьяларын мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Судьялар кеңешинин судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечиминин негизинде Президент тарабынан кабыл алынат. Аны менен бирге мыйзам чыгаруучу жогоруда көрсөтүлгөн чечимдердин кайсынысы даттанылууга жатпагандыгын тактаган эмес.

Конституциялык палата каралып жаткан маселе боюнча кабыл алган чечиминде «судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Судьялар кеңешинин чечим чыгаруудагы обьективдүүлүгүн жана калыстыгын балоо үчүн көз карандысыз текшерүүнүн предмети болушу керек деп жана «Судьялар кеңешинин ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечимин негизсиз деп эсептеген судья, өзүнүн соттук коргонуу укугун ишке ашыруу менен бул чечимди соттук тартипте талашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек» деп аныктады. Конституциялык палатанын тыянактарына ылайык, бул укук, «судьянын негизги укуктарын ишке ашыруу судьянын бийик статусуна карама-каршы келбесе, судья болуп эсептелген жарандын Кыргыз Республикасынын жарандарына Конституцияда берилген башка укуктарын чектебейт» деп каралган «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 5-2 беренесинин 2-бөлүгүнөн түздөн түз келип чыгат.

Бирок, өзүнүн жүйөөлөрүнө карама-каршы, көңүл бурулуп жаткан «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 5-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн жалпыга тийиштүү маанисине туура баа бербестен, ишендирердик негиздерди келтирбей туруп Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгү Конституцияга карама каршы келбейт деп чечим кабыл алуу менен бирге, мөөнөтүнөн мурда бошотулган судьяларды

Президенттин жана Жогорку Кеңештин тийиштүү чечимине соттук даттануу укугунан ажыратты.

Чечимдин жүйөөлөөчү бөлүгүнүн маанисинен келип чыккандай, каралып жаткан иш боюнча Судьялар кеңешинин чечимдерине соттук даттануу эки натыйжага ээ:

1. Даттанылып жаткан Судьялар кеңешинин чечимин сот жокко чыгарып салган учурда, судья ээлеген кызмат ордунда калат. Демек, судьяны бошотуу процедурасы ушул этапта аякталышы керек, ал формалдуу мааниде да улантыла алынбайт, анткени Конституциянын 100 беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык соттук актылар бардык мамлекеттик органдар жана кызмат адамдар үчүн милдеттүү болот жана аткарылууга тийиш. Ошону менен судьяны ээлеген кызматынан бошотуу тартибине тийиштүү Жогорку Кеңештин – жогорку эл өкүлчүлүк орган катары жана Президенттин – мамлекеттин башчысы катары конституциялык ролу жана конституциялык ыйгарым укуктары жокко чыгарылат. Демек, мындай жагдайда Конституциянын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2- жана 4-пункттарында, 74-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктунда, 95-беренесинин 2- жана 5-бөлүктөрүндө, 97-беренесинин 5-бөлүгүндө каралган судьяларды кызматынан бошотуунун конституциялык тартиби одоно бузулат. Андыктан, Конституциялык палата, өзүнүн чечими менен Жогорку Кеңешти «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамга ылайыктуу өзгөртүү киргизүүгө милдеттендирүү менен (резолютивдик бөлүктүн 2-пункту), аны Конституцияга карама-каршы келген мыйзам чыгаруу аракеттерине мажбурлап турганы байкалат.

2.Даттанылып жаткан Судьялар кеңешинин чечими соттук акты менен күчүндө кала турган учурда судьяны кызматынан бошотуу процедурасы кийинки стадияга өтөт. Бирок, Конституциялык палатанын чечиминин маанисинен жана анын судьяны ээлеген кызматынан бошотуу маселесинде Жогорку Кеңеш жана Президенттин ролу жөнүндө түшүнүгүнөн келип чыккандай, акыркылар соттун чечими менен ырасталган Судьялар

кеңешинин чечими менен макул болууга аргасыз болот. Президент жана Жогорку Кеңеш Судьялар кеңешинин чечими менен макул болбогон учурда, калыптанган ситуация бийлик бутактарынын өз ара конституциялык келише албастык катары, андан артык, Президенттин же депутаттардын Судьялар кеңешинин чечимин негиздүү жана мыйзамдуу деп тапкан соттун чечимин тоотпостугу катары бааланышы мүмкүн.

Судьяларды дайындоо жана бошотуунун конституциялык тартиби болуп, бирдиктүү процедуранын логикалык өз ара байланышкан стадияларынын ырааттуулугу эсептелинет, алардын ар биринде тигил же бул орган өзүнүн конституциялык ыйгарым укуктарынын чегинде, негиздүү, туура чечим кабыл алууга милдеттүү. Мындай тартип, судьялар корпусун түзүүдө,белгилүү бир даражада конституциялык тең салмактуулукту камсыздайт жана ошону менен сот бийлигинин көз карандысыздыгын кепилдейт. Тескери учурда, соттордо кадр маселелерин чечүүдөгү процесстин айрым катышуучуларынын колунда ыйгарым укуктардын ашыкча топтолушуна жана анын үстөмдүүлүк кылуусуна алып келет. Бул маселеге тийиштүү ыйгарым укуктардын кандайдыр бир мамлекеттик органда конституциялык чектен ашып топтолушу (ошондой эле Судьялар кеңешинде), сотторго мыйзамсыз таасир этүү[1] коркунучун объективдүү жогорулатат.

Конституциянын 95-беренесинин 2-бөлүгүнө, 95-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайы ылайык, Жогорку соттун жана Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьялары Судьялар кеңешинин сунушунун негизинде Президенттин **сунуштамасы** боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин көпчүлүк добушу менен Жогорку Кеңеш тарабынан кызмат орундарынан мөөнөтүнөн мурда

[1] Судьянын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тартибин укуктук жөнгө салуу ар кайсы мамлекеттерде өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ. Мисалы, Россия Федерациясында дисциплинардык өндүрүш алкагында судьянын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимди (Конституциялык соттун судьяларынан сырткары) судьялардын квалификациялык коллегиясы кабыл алат, жекече Президент же мыйзам чыгаруучу орган бул процессте катышышпайт. Бирок, бул органдардын катышуусу квалификациялык коллегиянын түзүмүндө мыйзам чыгаруучу орган менен шайланган коомдун өкүлдөрү жана Президенттин өкүлүнүн катышуусу менен камсыздалат.

бошотулат. 95-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү соттордун судьяларын кызмат ордунан бошотуу Судьялар кеңешинин **сунушу** боюнча Президент тарабынан жүзөгө ашырылат. Демек, жогоруда көрсөтүлгөн Конституциянын жоболору жана *сунуш* деген сөздүн мааниси[2], Судьялар кеңешинин судьяны ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө чечими Президент жана Жогорку Кеңеш тарабынан милдетүү түрдө аткарылышы керек деп түшүнүүгө негиз жаратпайт. Судьяларды ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу – Президенттин жана Жогорку Кеңештин конституциялык укугу.

Судьяларды дайындоо учурундагыдай эле, Президент, эгерде Судьялар кеңешинин чечимин жетишерлик негиздүү жана калыс эмес деп эсептесе, аны менен макул болбоого укуктуу, бул жагдай анын мамлекеттин башчысы катары судьянын статусуна ылайык көз карандысыздыктын кепилдиктерин камсыз кылуучу конституциялык абалынан келип чыгат.

Жогорку соттун жана Конституциялык палатанын судьяларын кызматынан бошотуунун татаалдаштырылган тартиби алардын жогорку кызматтык абалы менен жана кабыл алынуучу чечимдеринин мүнөзү менен алдын ала аныкталган. Андан тышкары, бул маселедеги Жогорку Кеңештин чечүүчү ролу, анын мыйзам чыгаруучу жана эл өкүлчүлүк орган катары соттук бийликтин өз алдынчалыгынын жана көз карандысыздыгынын кепилдиктерин камсыз кылуу милдетинен келип чыгат. Ошондуктан, калыстуулук приницибин сактоо максатында, ар бир депутат өз пикирин жетекчиликке алып жогорку даражадагы судьяларды ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу чечимин кабыл алууда добуш берүү жолу менен катышат.

Каралып жаткан маселенин маңызы боюнча, соттук коргонууга болгон укуктун чексиз мүнөзү жөнүндө конституциялык жобону алганда, төмөнкүнү белгилеп кетүү зарыл.

[2] Сунуш – кандайдыр бир маселе, иш боюнча эмне кылуу керектиги жөнүндө билдирилүүчү ой, пикир, өтүнүч. // Кыргыз тилинин сөздүгү. 2-том. – Бишкек, 2010. – 1105 бет. Демек, сунуш – бул милдетүү түрдө эмес айтылуучу ой, пикир,билдирүү.

Судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу процедурасын ишке ашыруунун жыйынтыгында кабыл алынган Президенттин же Жогорку Кеңештин чечими соттук даттанылууга жатышы тийиш. Ошону менен, биздин көз караш боюнча, мыйзам чыгаруучуга бул категориядагы иштерди Жогорку сотко өзгөчө караштуулугун орнотушу зарыл. Андан дагы, бул категориядагы иштер боюнча соттук өндүрүштүн өзгөчөлүктөрүн (мисалы, соттун кеңиртилген курамын) аныктоо керек.

3. Судьяларды ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө Президенттин Жарлыгына жана Жогорку Кеңештин Токтомуна соттук даттануу мүмкүнчүлүгү, аталган чаранын өзгөчө мүнөзү менен да алдын ала аныкталат. «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, судьяларды ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу судьянын тартип жоосунун жасагандыгы үчүн колдонулат. Өз кезегинде, тартип жосуну болуп, ушул эле мыйзамдын 28-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык кынтыксыз жүрүм-турумдун талаптарына шайкеш келбеген судьянын иш-аракети же аракетсиздиги таанылат. Судьянын жүрүм-турумунун кынтыксыздыгы деп, бул судьяга карата «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 5-1-беренесинде каралган милдеттердин Судьялар кеңеши тарабынан тастыкталган же таанылган бузуу фактыларынын жоктугу түшүнүлөт (6-берененин 2-бөлүгү), аталган беренеде судьяны тартип жоопкерчилигине тартууда эске алынчу жагдайлар бекитилген.

Жогоруда аталган ченемдердин маанисинен жана мазмунунан судьянын тартип жоопкерчилигинин негизи болуп тартип жосуну (укук бузуу) эсептелинери келип чыгат. Демек, укуктук көз караштан, судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө Президенттин же Жогорку Кеңештин актыларынын (Судьялар кеңешинин чечимине негизделген) негиздүүлүгү жана мыйзамдуулугу соттук текшерүүнүн предмети боло алат.

Ошону менен бирге, судьянын кынтыксыз эмес жүрүм-туруму моралдык көз караштан жүйөөлөнгөн судьяны бошотуу жөнүндө чечимдин далилдүүлүгүн соттук текшерүүдө кыйынчылыктар пайда болушу мүмкүн. «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 5-1 беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пункту судья Кыргыз Республикасынын судьяларынын Ар-намыс кодексинин талаптарын, ошондой эле мамлекеттик кызматчылардын мыйзамда белгиленген этикасын сактоого жана судьянын кадыр-баркын жана беделин жаманатты кыла турган бардык нерселерден качууга милдеттүү деп бекитет.Ушул мыйзам жобонун шилтеме мүнөзү судьянын жүрүрм-турумунун кынтыксыз эместигин баалоонун кандайдыр бир мыйзамдуу бекитилген, так критерийлери жок экендигин тастыктайт.

Судьялардын Ар-намыс кодексининде судьянын жүрүм-туруму, судьянын жүрүм-турумуна (1-глава), сот адилеттүүлүгүн жүргүзүүдөгү судьянын жүрүм-турумунун эрежелерине (2-глава), кызматтык эмес абалдагы судьянын жүрүм-турумунун эрежелерине (3-глава) келтирилген жалпы талаптарды киргизүү менен жөнгө салынган. Судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу маселесин козгоонун негизи болуп судьянын абийирине жана арнамысына шек келтирген аракеттер же аракетсиздиктер эсептелинет, ал балким кылмыштуу болбосо да, бирок өзүнүн мүнөзү боюнча судьянын бийик наамы менен шайкеш келбейт (Кодекстин 8-беренеси).

Судьянын Ар-намыс кодексинин формулировкаларынын так эместиги жана «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамда судьянын авторитетин жана арнамысын жаманатты кылуучу тартип жосундардын белигилеринин тагыраак жөнгө салынышынын жокутугу, судьяларга тартиптик чараны бирдей эместик колдонууга, андан башка, тартип чаралар мыйзамсыз же негизсиз колдонулган учурларда судьялардын укуктарын сот аркылуу коргоо мүмкүнчүлүгүн кескиндүү оорлотууга алып келет. Мындай жетишерсиз

ченемдик жөнгө салууда судья негизсиз аракеттерден толук коргоно албагандыгы анык. Андан башка, судьянын жүрүм турумуна моралдык жактан баа берүүдө, чечим кабыл алуучу субъектилер, ошонун ичинде чечимге берилген даттанууну текшерип жаткан сотто, ар башка же болбосо карама-каршы пикирлер жаралышы мүмкүн, анткени, укука негизделген баа берүүгө салыштырмалуу, моралдык жактан баа берүү бир мүнөздө болбой, сынчылардын жеке түшүнүгүнөн жана көз карашынан келип чыгат.

Бул тууралу, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамда судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуунун негиздерин так аныктоо жолу менен же болбосо судьянын Ар-намыс кодексин ченемдик укуктук мүнөзгө келтирүү менен маселени чечүү мүмкүн.

Судьянын авторитетин жана арнамысын жаманатты кылуучу жүрүм-турумдардын белгилерине туура келүүчү көрүнүштөрдүн күнүмдүк жашоодо көп түрдүүлүгүнө байланыштуу, мындай жагдайларды мыйзамдуу түрдө толук чагылдыруу мүмкүн эмес деген маселе туулушу мүмкүн. Кандай болбосун, судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу өтө өзгөчө тартип чарасы катары, кылынган тартиптик жосунга өлчөмдөш болушу керек, башкача айтканда, каралып жаткан тартип чарасынын негизи катары судьянын мындан ары судьялык кызматта болушу мүмкүн эместигин далилдөөчү бир жолу одоно же болбосо бир нече жолу судьянын тийиштүү жүрүм-турумунун стандарттарын бузуу эсептелиниши керек.

Демек, тартип жоопкерчилигинин чараларын эффективдүү жана дифференциалдуу колдонууну камсыз кылуу максатында, судьянын тартип жосундарын жасоосунун такайлыгынын укукченемдүү белгилерин киргизүү жана аларды жөнөкөй жана одоно деп бөлүү зарыл.

4. Бул иш боюнча чечим кабыл алууда, Конституциялык палата, судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу мыйзамда бекитилген процедураларды сактоо менен ишке ашырылышы керек экендигин эске алган эмес. Жекече, судьяны тартип жоопкерчилигине

тартуунун процессуалдык тартиби «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 29-беренеси жана 2003-жылдын 26-февралындагы Президенттин Жарлыгы менен бекитилген судьялардын тартип жоопкерчилиги жөнүндө Жобо менен жөнгө салынат. Судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуунун тартиби «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» мыйзамдын 125-беренесинин жоболору менен жөнгө салынат.

Ылайыктуу процедуралык ченемдерди бузуу же туура эмес колдонуу судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу процессинин каалаган стадиясында соттук тартипте даттануунун предмети боло алат жана болушу керек. Андан да, судьянын тартиптик жоопкерчилиги жөнүндө иш өндүрүшүнүн процедурасынын бузулушу каралып жаткан маселени ар тараптуу, толук жана калыс изилдөөгө кедерги болуп, мыйзамдуу жана негиздүү чечим кабыл алууга терс таасир этиши мүмкүн.

Ошентип, биздин ой боюнча, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 26-беренесинин 6-бөлүгү соттук коргонуу укугу чектөөгө жатпайт деген конституциялык принциптен бөтөнчө бөлүнүп, ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулуп жаткан судьялардын бул укугунун ишке ашышына жолтоо түзүп жатат.

**Судьялар** **Э.Ж. Осконбаев**

**К.С. Сооронкулова**

Бул өзгөчө пикирдин орусча котормосу төмөндө:

## ОСОБОЕ МНЕНИЕ

**судей Э.Ж. Осконбаева, К.С. Сооронкуловой к Решению Конституционной палаты от 5 марта 2014 года по делу о проверке конституционности части 6 статьи 26 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской Республики» в связи с обращениями граждан Б. О. Раяпова и М. А. Асанова**

1. Пункт 8 части 5 статьи 20 Конституции гарантирует право на судебную защиту, как не подлежащее никакому ограничению субъективное правомочие каждого (физического и юридического лица). Тем самым императивность вышеуказанного конституционного положения обязывает нормотворческие органы не допускать правового регулирования, препятствующего либо ограничивающего право на судебную защиту. Вместе с тем, как свидетельствует судебная практика Конституционной палаты, именно ограничение нормативными правовыми актами права на судебную защиту чаще всего становится предметом обжалования в рамках конституционного судопроизводства. По данному делу субъектами обращения подвергается сомнению конституционность части 6 статьи 26 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской», устанавливающей невозможность обжалования в суде решения о досрочном освобождении судьи Кыргызской Республики от занимаемой должности.

Процедура досрочного освобождения судьи от занимаемой должности состоит из нескольких стадий, каждое из которых завершается принятием соответствующего акта. В частности, в соответствии с частью 5 статьи 28 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской Республики», решение о досрочном освобождении судей Верховного суда, Конституционной палаты Верховного суда принимается Жогорку Кенешем по представлению Президента, основанному на решении Совета судей о

досрочном освобождении судьи от занимаемой должности; далее, решение о досрочном освобождении судей местного суда принимается Президентом на основании решения Совета судей о досрочном освобождении судьи от занимаемой должности. При этом законодатель не уточняет, какое из вышеуказанных решений не подлежит обжалованию.

Исходя из этого, Конституционная палата в своем решении определила, что объективность и справедливость решения Совета судей о досрочном освобождении судьи от занимаемой должности должно быть предметом независимой проверки. Тем самым, в соответствии с Решением Конституционной палаты, судья не согласный с решением Совета судей вправе реализовать свое конституционное право на судебную защиту и оспорить его в судебном порядке. Как следует из Решения Конституционной палаты, это право судьи вытекает из части 2 статьи 5-2 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской Республики», предусматривающей, что «перечисление в части 1 настоящей статьи прав не ограничивает другие права гражданина, являющегося судьей, предоставленные Конституцией гражданам Кыргызской Республики, если реализация этих прав не вступает в противоречие с высоким статусом судьи. Следовательно, судья как и любой гражданин Кыргызской Республики, обладает неограниченным правом на судебную защиту.

Однако, вопреки своим же доводам, не приводя должной аргументации, при этом допуская необоснованное исключение из правил, предусмотренных частью 2 статьи 5-2 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской Республики», Конституционная палата приняла решение о конституционности части 6 статьи 26 конституционного закона «О статусе судей в Кыргызской Республике», тем самым лишив досрочно освобожденных судей права обжаловать соответствующее решение Президента и Жогорку Кенеша.

Из смысла мотивировочной части Решения вытекает, что обжалование решений Совета судей в рассматриваемом вопросе имеет два исхода:

1) В случае отмены судом решения Совета судей, судья остается на занимаемой должности. Следовательно, процедура освобождения судьи должна завершиться на этом этапе, она не может продолжаться даже в формальном смысле, так как в соответствии с часть 1 статьи 100 Конституции, судебные акты являются обязательными и подлежат исполнению всеми государственными органами и должностными лицами. Тем самым, нивелируется (сводится на «нет») конституционная роль и конституционные полномочия Жогорку Кенеша - как высшего представительного органа и Президента - как главы государства в вопросах освобождения судей от занимаемой должности. Более того, такое положение грубо нарушает конституционный порядок освобождения судей от должности, предусмотренный пунктом 2 и 4 части 3 статьи 64, пунктом 1 части 4 статьи 74, частью 2 и 5 статьи 95, частью 5 статьи 97 Конституции. Следовательно, Конституционная палата, обязывая Жогорку Кенеш своим Решением внести соответствующие изменения в конституционный закон «О статусе судей Кыргызской Республики» (пункт 2 резолютивной части), вынуждает его к законодательным действиям, противоречащим Конституции.

2) В случае если судебным актом решение Совета судей остается в силе, процедура освобождения судьи переходит в следующую стадию. Однако, исходя из логики Решения Конституционной палаты и его понимания роли Жогорку Кенеша и Президента в вопросе освобождения судей от занимаемой должности, последние вынуждены согласиться с решением Совета судей, подкрепленного решением суда. В случае несогласия Президента или Жогорку Кенеша с решением Совета судей, сложившаяся ситуация будет расцениваться как конституционный конфликт между ветвями власти, более того как игнорирование Президентом либо депутатами решения суда об обоснованности и законности решения Совета судей.

В рамках вышеизложенного необходимо отметить, что существующий конституционный порядок назначения и освобождения судей представляет последовательность логически взаимосвязанных стадий единой процедуры, на каждой из которых тот или иной орган в рамках своих конституционных полномочий обязан принять обоснованное, взвешенное решение. Такой порядок в определенной степени обеспечивает конституционный баланс в порядке формирования судейского корпуса и тем самым гарантирует ее независимость. В противном случае, доминирующая роль кого-либо из участников данного процесса приведет к сосредоточению у него чрезмерных полномочий относительно решения кадровых вопросов в судах. Любая концентрация полномочий у какого-либо государственного органа (как и концентрация аналогичных полномочий у Совета судей) объективно увеличивает опасность незаконного влияния на суды.[3]

В соответствии с частью 2 статьи 95 и частью 5 статьи 97 Конституции, судьи Верховного суда и судьи Конституционной палаты Верховного суда могут быть досрочно освобождены от занимаемой должности Жогорку Кенешем большинством не менее двух третей голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша по представлению Президента на основании **предложения** Совета судей, в соответствии с частью 5 статьи 95 Конституции освобождение от должности судей местных судов осуществляется Президентом по **предложению** Совета судей. Как вытекает из смысла вышеуказанных конституционных положений и лексического значения слова «предложение», решения Совета судей об освобождении судей от занимаемой должности носят рекомендательный характер. Предложить кандидатуры судей для досрочного освобождения – конституционное право Совета судей, принятие окончательного,

[3]Правовое регулирование порядка досрочного прекращения полномочий судьи в разных странах имеет свою специфику. К примеру, в РФ решение о досрочном прекращении полномочий судьи (кроме судей Конституционного суда) в рамках дисциплинарного производства, принимают квалификационные коллегии судей, непосредственно Президент либо законодательный орган участия в этом процессе не принимают. Однако, участие этих органов обеспечивается тем, что в состав квалификационной коллегии входят представители общественности, избираемые законодательным органом и представитель Президента.

завершающего процесс освобождения судьи от занимаемой должности решения– конституционное право Президента и Жогорку Кенеша.

Также как и в случае с назначением судей Президент вправе не согласиться с решением Совета судей, если посчитает его недостаточно обоснованным и объективным, в этом заключается его конституционная роль как главы государства, гаранта независимости и несменяемости судей в частности, и судебной власти в целом.

Усложненный порядок освобождения от должности судей Верховного суда и Конституционной палаты предопределены их высоким должностным статусом и характером принимаемых решений. Решающая роль законодательного органа в этом вопросе также является существенной гарантией самостоятельности и независимости судебной власти. Каждый из депутатов вправе принять решение (голосовать) на основании собственной субъективной оценки решения Совета судей и представления Президента.

По существу рассматриваемого вопроса, исходя из конституционного положения о неограниченном характере права на судебную защиту, необходимо отметить следующее.

Акт Президента или Жогорку Кенеша, принятый в результате осуществления процедуры досрочного освобождения судьи от занимаемой должности должен подлежать судебному обжалованию. При этом на наш взгляд, законодателю необходимо установить исключительную подсудность данной категории дел Верховному суду. Более того, следует определить особенности судебного производства по данной категории дел (например, расширенный состав суда).

2. Законодательная возможность судебного обжалования указа Президента и Постановления Жогорку Кенеша о досрочном освобождении судей от занимаемой должности предопределяется также характером данной меры дисциплинарной ответственности судей. В соответствии с частью 2 статьи 28 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской Республики» досрочное освобождение судей от занимаемой должности

применяется за совершение судьей дисциплинарного проступка. В свою очередь, дисциплинарным проступком, согласно части 1 статьи 28 этого же закона, признается действие или бездействие судьи, не соответствующее требованиям безупречного поведения, по которым понимается отсутствие в отношении этого судьи подтвержденных или признанных Советом судей фактов нарушения обязанностей, предусмотренных статьей 5-1 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской Республики» (часть 2 статьи 6), в которой нормативно закреплены обстоятельства, подлежащие учету при наложении дисциплинарного взыскания на судью.

Из смысла и содержания вышеуказанных норм вытекает, что основанием дисциплинарной ответственности судьи является дисциплинарный проступок (правонарушение). Следовательно, с правовой точки зрения, акты Президента или Жогорку Кенеша (основанные на решении Совета судей) о досрочном освобождения судьи от занимаемой должности могут быть объектами судебного контроля на предмет проверки их обоснованности и законности.

Вместе с тем, существует проблема судебной проверки обоснованности решения об освобождении судьи мотивированного не безупречным, с моральной точки зрения, поведением судьи. Пункт 2 части 1 статьи 5-1 конституционного закона «О статусе судей Кыргызской Республики» устанавливает, что судья обязан соблюдать требования Кодекса чести судей Кыргызской Республики, а также установленную законодательством этику государственных служащих и избегать всего, что могло бы опорочить авторитет и достоинство судьи. Отсылочный характер данного законоположения свидетельствует об отсутствии каких-либо законодательно закрепленных четких критериев оценки не безупречности поведения судьи.

В Кодексе чести судьи поведение судьи регламентировано путем изложения общих требований, предъявляемых к поведению судьи (глава 1), правил поведения судьи при осуществлении правосудия (глава 2), правил

поведения судьи во внеслужебной деятельности (глава 3). Основанием для возбуждения вопроса о досрочном освобождении судьи от должности является позорящее честь и достоинство судьи действие или бездействие, которое, хотя и не является преступным, но по своему характеру несовместимо с высоким званием судьи (статья 8 Кодекса).

Расплывчатость формулировок Кодекса части судьи и отсутствие более детальной регламентации в конституционном законе «О статусе судей» критериев дисциплинарных проступков, порочащих авторитет и достоинство судьи, как оснований рассматриваемого вида ответственности судей влечет не только неравное применение мер к отдельным судьям, но и в случаях незаконного и необоснованного применения дисциплинарных мер существенно затрудняет возможность судебной защиты их прав. В таких случаях, судам, осуществляющим проверку, будет сложно дать правильную правовую оценку решению о досрочном освобождении судьи от занимаемой должности, обоснованного не правовыми, а моральными критериями. Более того, в отличие от правовой, моральная оценка носит чисто субъективный характер и, следовательно, вполне вероятны существенные расхождения мнений субъектов, принимающих решение по дисциплинарному делу судьи. Очевидно, что при таком недостаточном нормативном регулировании судья не может быть в полной мере защищен от произвольных действий.

В этом отношении, решение проблемы возможно путем четкого определения оснований досрочного освобождения судей от занимаемой должности в конституционного законе «О статусе судей» либо придания Кодексу чести судей нормативно-правового характера (не только по форме, но и по содержанию).

Возможно, законодатель посчитает, что невозможно исчерпывающим образом указать в законе обстоятельства, подпадающие под признаки поведения, порочащие авторитет и достоинство судьи в виду многообразия таких проявлений  в повседневной жизни. Во всяком случае, досрочное освобождение судьи от занимаемой должности как исключительная мера

ответственности должна быть соразмерна совершенному проступку, то есть, основанием для рассматриваемой меры ответственности должно являться грубейшее однократное либо многократные нарушения стандартов должного поведения судьи, свидетельствующие о невозможности дальнейшего пребывания судьи на судейской должности.

Следовательно, в целях обеспечения эффективного и дифференцированного применения мер дисциплинарной ответственности необходимо ввести нормативные критерии систематичности совершения судьей дисциплинарных проступков и разграничения их на обычные и грубые.

3. Принимая решение по данному делу, Конституционная палата не приняла во внимание, что досрочное освобождение судей от занимаемой должности должно осуществляться с соблюдением законодательно установленных процедур. В частности, процессуальный порядок привлечения судей к дисциплинарной ответственности регулируется статьей 29 конституционного закона «О статусе судей» и Положением о дисциплинарной ответственности судей, утвержденного Указом Президента от 26 февраля 2003 года. Порядок досрочного освобождения судей от должности регулируется положениями статьи 125 закона «О Регламенте Жогорку Кенеша Кыргызской Республики ».

Нарушения или неправильное применение соответствующих процедурных норм, могут и должны быть предметом обжалования в судебном порядке на любой стадии процесса досрочного освобождения судьи от занимаемой должности. Более того, несоблюдение процедуры производства по делу о дисциплинарной ответственности судьи может быть существенной помехой для всестороннего, полного и объективного исследования обстоятельств рассматриваемого вопроса, повлиять на вынесение законного и обоснованного решения.

Таким образом, по нашему мнению, часть 6 статьи 26 конституционного закона «О статусе судей в Кыргызской Республике»,

допуская исключение из конституционного положения, согласно которому право на судебную защиту не подлежит ограничению, препятствует осуществлению данного права судьями, в отношении которых применяется досрочное освобождение от занимаемой должности.

Судьи: Э.Ж.Осконбаев

К.С. Сооронкулова